| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 9-апрели №1** — **Боо-Терек айылы**

**Мурунку Боо-Терек айыл аймагынын Боо-Терек айылдык кеңешинин 2022-жылдын 18-январындагы "Боо-Терек айыл аймагындагы 960 контурунан кирпич завод куруу үчүн жер болүп берүү жонүндо" №2 токтомун жана Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2024-жылдын 19-августундагы "Күмүштак айыл аймагындагы №958, 960 контурларынан бышкан кирпич завод куруу үчүн жер болүп берүү жөнүндө" №22 токтомун жокко чыгаруу жонүндо жана мындан тышкары Боо-Терек айылындагы №960 жана №958 контурдагы 10 гектар жер аянтын бышкан кирпич завод куруу үчүн аукционго коюу жонүндо**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү Жобонун "Түз берүү" жөнүндөгү 4-бөлүмүнө туура келбегендиктен жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү Мыйзамынын №39 беренесинин "Жергиликтүү кеңештин чечимдери" жөнүндөгү ("жергиликтүү кенештин чечимдери алар кабыл алган тартипте жокко чыгарылышы же күчүн жоготту деп табылышы мүмкүн") №5 пунктун жетекчиликке алып мындан тышкары Күмүштак айыл аймагынын Боо-Терек айылындагы №960 жана №958 контурдагы 10 гектар жер аянтын бышкан кирпич завод куруу үчүн аукционго коюу керектиги жөнүндө айыл өкмөт башчысынын сунушун карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин VII сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2022-жылдын 18-январындагы мурунку Боо-Терек айыл аймагынын Боо-Терек айылдык кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын VI сессиясынын "Боо-Терек айыл аймагындагы 960 контурунан кирпич завод куруу үчүн жер бөлүп берүү жөнүндө" №2 токтому жокко чыгарылсын.
2. 2024-жылдын 19-августундагы Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын VIII сессиясынын "Күмүштак айыл аймагындагы №958, 960 контурларынан бышкан кирпич завод куруу үчүн жер бөлүп берүү жөнүндө" №22 токтому жокко чыгарылсын.
3. Күмүштак айыл аймагынын Боо-Терек айылындагы №960 жана №958 контурдагы 10 гектар жер аянты бышкан кирпич завод куруу үчүн аукционго коюлсун.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө боюнча иш алып баруу жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

Төрага — Б.Акматов

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 9-апрели №2** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинде каралган акча каражатын которуп берүү жөнүндө**

Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинде каралган акча каражатынан №958, 960 контурлардагы 1 гектар жер аянтын бышкан кирпич завод куруу үчүн айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтурууга жана алынбай калган пайданын наркы үчүн акча каражат төлөп берүү жөнүндө маселени карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин VII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн, бюджетинде көрсөтүлгөн Турак жай коммуналдык бөлүмүнүн 3111 (имараттар жана курулуштар) беренесинен карагай зым тартууга каралган акча каражаттан 268 295 (эки жүз алтымыш сегиз миң эки жүз токсон беш) сом №958, 960 контурлардагы 1 гектар жер аянтына бышкан кирпич завод куруу үчүн айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтурууга жана алынбай калган пайданын наркы үчүн Турак жай коммуналдык бөлүмүнүн 2215 (ар кандай чыгымдар) беренесине которулсун.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 9-апрели №3** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагындагы участкалык шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлерди сунуштоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-главасынын 19-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиясынын кайрылуусунун негизинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын өкүлдөрүнүн, коомдук уюмдардын, жарандардын жашаган жана иштеген жеринен шайлоочуларынын чогулушунун участкалык шайлоо комиссиясынын резервине көрсөтүлгөн талапкерлер боюнча келип түшкөн протоколдорун карап чыгып жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 36-беренесине ылайык, Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын VII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагынын №6050, 6051, 6052, 6054-участкалык шайлоо комиссияларынын резервине №1 тиркемеге ылайык талапкерлер сунушталсын (№1 тиркеме 2 баракта тиркелет).
2. Жогорудагы сунушталган талапкерлерди бекитип берүү жагы Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Бакай-Ата райондук аймактык шайлоо комиссиясына сунушталсын .

**Төрага** **Б.Акматов**

Тиркеме №1

Күмүштак айылдык кеңешинин
2025-жылдын 9-апрелиндеги
VII сессиясынын №3 токтому
менен менен бекитилген

- **№6050**-участкалык шайлоо комиссиясынын резервине төмөнкү талапкерлер сунушталсын:

1. Барпиева Ж.
2. Чыбыева А.
3. Садыбакасова А.
4. Базаралиева Ч.
5. Таалай кызы С.
6. Орозбаева Н.
7. Байболов А.
8. Кулдаева Р.
9. Макеев А.
10. Козубеков К.
11. Мырзабекова Н.
12. Сатымкулов С.
13. Макеева А.
14. Сатыбалдиев А.
15. Абсаматова Г.

- **№6051** участкалык шайлоо комиссиясынын резервине төмөнкү талапкерлер сунушталсын:

1. Алыбаева Г.
2. Ниязалиева А.
3. Джунусов М.
4. Мамбеткулова Н.
5. Мамышова У.
6. Сыдыкова Д.
7. Сулайманов А.
8. Жалилов Ж.
9. Чынарбек кызы Н.
10. Жолоева С.
11. Мышыкова А.
12. Алымбекова А.
13. Сманалиева Э.
14. Токтогулова К.
15. Шабданкулова Н.
16. Иманбекова Ж.

- **№6052** участкалык шайлоо комиссиясынын резервине төмөнкү талапкерлер сунушталсын:

1. Надырбек кызы Г.
2. Саткыналиев С.
3. Токтоганова С.
4. Мырзакулов С.

5. Дуйшеналиев Н.
6. Абдиева Г.
7. Осмонбекова Н.
8. Жолдошбекова Ф.
9. Сарпиева М.
10. Мамбетов Н.
11. Исманова З.
12. Джаманкулов Ч.
13. Курманбаева Н.
14. Иманалиева М.
15. Куланбаева Г.
16. Жумагулов Э.
17. Карабаева Н.

- **№6054** участкалык шайлоо комиссиясынын резервине төмонкү талапкерлер сунушталсын:

1. Бейшенова А.
2. Кадырбек кызы П.
3. Термечикова С.
4. Касымалиева Ч.
5. Дуйшебаев С.
6. Майрамбек уулу Б.
7. Жакыбалиева З.
8. Оморбекова Д.
9. Чыныбеков А.
10. Төрөгелдиева С.
11. Алымкулова М.
12. Айманбет уулу Р.
13. Кермалиев Н.
14. Тойчубекова Г.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 9-апрели №4** **Ьоо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагындагы 1-Май айылындагы Б.Сапаралиев балдар бакчасынын түндүк тарабындагы бурчунан 5 сотых муниципалдык жер тилкесин милициянын аймактык пунктунун жаңы заманбап имаратын куруу үчүн бөлүп берүү жөнүндө**

Бакай-Ата районунун ички иштер бөлүмүнүн 2025-жылдын 5-февралындагы №24-6/573 чыгыш сандуу катын канааттандыруу максатында Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттардын VII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 1-Май айылындагы Б.Сапаралиев балдар бакчасынын түндүк тарабындагы бурчунан 5 сотых муниципалдык жер тилкеси милициянын аймактык пунктунун жаңы заманбап имаратын куруу үчүн бөлүнүп берилсин.

2. Токтомду аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмолдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**КҮМҮШТАК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КУМУШТАКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 9-апрели №5** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагындагы Кыргызстан айылындагы Ж.Тойчубеков атындагы орто мектебинин батыш тарабындагы муниципалдык 5 сотых жер тилкесин милициянын аймактык пунктунун жаңы заманбап имаратын куруу үчүн бөлүп берүү жөнүндө**

Бакай-Ата районунун ички иштер бөлүмүнүн 2025-жылдын 5-февралындагы №24-6/573 чыгыш сандуу катын канааттандыруу максатында Күмүштак айылдык кенешинин депутаттардын VII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргызстан айылындагы Ж.Тойчубеков атындагы орто мектебинин батыш тарабындагы муниципалдык жер тилкедеги 5 сотых жер тилкеси милициянын аймактык пунктунун жаңы заманбап имаратын куруу үчүн бөлүнүп берилсин.

2. Токтомду аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмот башчысына жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Торага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**ТОКТОМ**

**2025-жылдын 9-апрели №6** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинде каралган акча каражатын жылдырып берүү жөнүндө**

Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинде карагай зым тартууга каралган акча каражатынан Кыргызстан айылындагы ичүүчү суу туздуу болуп жаткандыктан суу сордуруучу моторун ылдый түшүрүү үчүн акча каражат жылдыруу жөнүндө маселени карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин VII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн, бюджетинде көрсөтүлгөн Турак жай коммуналдык бөлүмүнүн 3111 (имараттар жана курулуштар) беренесинен карагай зым тартууга каралган акча каражаттан 150 000 (жүз элүү миң) сом Кыргызстан айылындагы ичүүчү суу туздуу болуп жаткандыктан суу сордуруучу моторун ылдый түшүрүү үчүн Турак жай коммуналдык бөлүмүнүн 2215 (дагы башка чыгымдар) беренесине жылдырылсын.
2. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**